**И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ,**
**ЖУСУП БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**
**ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ Д 07.18.578**

**Кол жазма укугунда**
**УДК: 94:342.725 (575.2)(043.3)**

**ЫДЫРЫСОВ РАМИС ЖУМАБЕКОВИЧ**

# КЫРГЫЗСТАНДЫН СОЦИАЛДЫК ТҮЗҮЛҮШҮНҮН ӨЗГӨРҮШҮ (XXк. 20-30-жж.)

Адистиги**: 07 00 02. – Ата Мекен тарыхы**

Тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишинин

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек- 2019**

**Диссертациялык иш М.М Адышев атындагы**
**Ош технологиялык университетинин**
**«Коомдук илимдер» кафедрасында аткарылды**

**Илимий жетекчи:** **Алымбаев Жээнбек Байыскулович**
Тарых илимдеринин доктору, профессор

**Расмий оппоненттер:** **Джуманалиев Акылбек**
Тарых илимдеринин доктору, профессор

**Байдилдеев Жумагул Рыскулбекович**
Тарых илимдеринин кандидаты, доцент

**Жетектөөчү мекеме:** А.Мырсабеков атындагы Ош гуманитардык-педогогикалык институту, “Тарых” кафедрасы.
Дареги: 723500, Ош шаары, Исанов көчөсү, 73.

Диссертация 2019-жылдын 29-мартта саат 13:00дө И. Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик Университетинин жана Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин алдындагы тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча Д.07.18.578 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот.
Дареги: 720026, Бишкек шаары, Раззаков көчөсү, 51а.

Диссертациялык иш менен И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин илимий китепканасында таанышууга болот. Дареги: 720026, Бишкек шаары, Раззаков көчөсү, 51а.
**Авторефераттын жана диссертациялык иштин толук тексти *«arabaev.kg»* сайтына жүктөлгөн.**

Автореферат 2019-жылдын 27-февралында таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы,**
**тарых илимдеринин доктору** **Карыева А.К.**

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Теманын актуалдуулугу.** Учурдагы Кыргызстандын социалдык-экономикалык жана саясий турмушун модернизациялоо, демократиялык коомду түзүү аракеттери менен катар рынок экономикасынын шартында Кыргызстан коомунун социалдык структурасы ири өзгөрүүлөргө дуушар болуп, коомдун социалдык жаңы тибинин калыптануу процесси жүрүп жатат. Ушул өңүттөн алып караганда XXк. 20-30-жылдарындагы Кыргызстандын социалдык түзүлүшүндөгү болуп өткөн өзгөрүүлөрдү изилдөө кызыгууну жаратат.

Маселени изилдөөнүн талабы төмөнкү бир катар шарттар менен түшүндүрүлөт. Биринчиден, коомдун социалдык түзүлүшү, өнүгүшү тууралындагы маселеде XXк. 80-жылдарына чейин илимий-изилдөө практикасында эки концептуалдык: «таптык» жана «стратификациялык» методологиялык ыкма үстөмдүк кылып келген. Советтик тарыхнаамада «таптык» ыкма үстөмдүк кылганы белгилүү. Анткени, марксисттик-лениндик теория боюнча кандай гана коом болбосун ал таптарга бөлүнүп,алардын негизги белгилери катары өндүрүш каражаттарына карата болгон мамилеси боюнча айырмалаланат деп эсептелчү. Экинчиден, марксисттик-лениндик теория боюнча ар кандай коомдо тап күрөшү тынымсыз жүрүп турушу керек. Анткени, тап күрөшү бул коомдук прогресске жеткирүүчү кыймылдаткыч күч катары саналган. Мына ушул марсисттик-лениндик көз караштан советтик доордогу идеологиялык максаттан улам, коом антагонистик эмес жумушчу жана дыйкан таптарынан турат деген түшүнүк жаралып, жетимиш жыл бою үстөмдүк кылып келгени белгилүү.

Бүгүнкү күндө айрым окумуштуулардын пикири боюнча, советтик доордогу «таптык» ыкма коомдогу социалдык катмарлардын таптык белгилери болбогон, коомдо жашап турган айрым катмарларды: кол өнөрчүлөрдү, кызматчыларды, алып сатарларды, үй кызматкерлерди, дин өкүлдөрүн, инвалиддерди, окуучуларды, пенсионерлерди ж.б. эске алган эмес. Бирок, советтик коомдо аталган социалдык топтор жашап келгени белгилүү. Советтик гуманитардык илимде калктын ичиндеги катмарларды, алардын абалын аныктоодо так илимий терминология болгон эмес. Советтик тарыхнаамада болгону «буржуазиялык тап», «дыйкан», «жумушчу табы» ж.б. терминдер гана колдонулуп келген. Натыйжада, коомдун кыймылдаткыч күчү катары жумушчу жана дыйкан таптары деп эсептелип, жогоруда белгиленген социалдык катмарлар таптык белгилерге өсүп жетпеген коомдун өкүлдөрү катары бааланып келген.

Бүгүнкү күндө тарых илиминин негизги милдеттеринин бири катары XXк. 40-жылдарынан тарта дүйнөлүк практикада коомдун социалдык түзүлүшүн изилдөөдө колдонулуп келе жаткан стратификациялык ыкманы колдонуу негизги маселелердин бирине айланууда. Буга далил катары акыркы мезгилдерде жарык көргөн белгилүү окумуштуулар Т.И. Заславскаянын, Р.И. Ривкинанын, Р.И. Невиндин, М. Вебердин, О.И. Шкаратиндын ж.б. эмгектери далил боло алат. Жогорудагы окумуштуулардын пикирине таянсак, коомду

«страттарга» бөлүү керек. «Страт» деген түшүнүк «катмар» деген экологиялык түшүнүктөн алынган. Ал эми социология илиминде болсо «страта»-«коомдун катмары» ал эми «стратификация» бул коомду катмарларга бөлүү дегенди түшүндүрөт. Стратификация теориясы боюнча адам баласынын социумун бир канча ар кыл критерийлери боюнча профессионалдык, этникалык, гендердик, территориялык жайгашуусу (шаардык, айылдык), билими ж.б.у.с. белгилерге бөлүүгө болот. «Страта» түшүнүгү «тап» түшүнүгүнө караганда ийкемдүү келип, ал коомдук кубулаштарды кеңири кароого жана кеңири анализ берүүгө мүмкүнчүлүк берет. Англис окумуштуусу Э. Гидденстин пикири боюнча «тап» - бул болгону «стратификациянын жеке гана көрүнүшү». Демек, коомдун социалдык түзүлүшүн изилдөө «таптык» ыкма менен эмес, «стратификация» ыкмасын колдонуу менен адам баласынын социалдык турмушун, анын өзгөрүүсүн толук ачып берүүгө шарт түзөт деген ойдобуз.

Кыргызстандын XXк. 20-30-жылдары социалдык-экономикалык, саясий, руханий чөйрөсүндөгү жүргүзүлгөн реформалардын натыйжасында коомдун социалдык түзүлүшүндөгү өзгөрүүлөрдү бүгүнкү тарых илиминдеги жаңы концептуалдык-методологиялык принциптер менен изилдөө каралып жаткан илимий маселенин актуалдуу экендигин дагы бир жолу айигинелейт.

**Илимий иштин изилденүү деңгээли**. Илимий иштин хронологиялык чеги XX кылымдын башынан 1930-жылдардын аягына чейинки мезгилди камтыгандыктан, кыргыз коомунун социалдык түзүлүшүн революцияга чейинки, советтик жана постсоветтик доордогу авторлор тарабынан изилдөө жүргүзүлгөн. Авторлордун илимий көз караштарына аталган мезгилдердеги саясий коньнюнтура, коомдук-саясий түзүлүш мезгилдин талабына өз таасирин тийгизбей койгон эмес. Демек, илимий иштин изилденүү деңгээлине анализ берип жатып, жарыяланган эмгектерди үч доорго бөлүп кароо илимий логикага туура келет. Белгилей кетчү көрүнүш - илимий иштин изилденүү деңгээлине диссертациялык иштин 1.1.параграфында кеңири анализ берүү аракети жасалган.

**Изилдөөнүн мезгилдик алкагы** XXкылымдын 20-30- жылдарын камтыйт. Анткени, ушул мезгилде саясий системасын жана саясий режимдин таасири астында Кыргызстандын социалдык түзүлүшү ири өзгөрүүлөргө учураган.

**Диссертациянын темасынын ири илимий долбоорлор, программалар менен байланышы.** Аталган эмгек изилдөөчүнүн демилгелүү иши болуп эсептелет.

**Изилдөөнүн обьектиси.** Кыргызстандын социалдык түзүлүшү.

**Изилдөөнүн предмети.** Жумушчу,дыйкан, интеллигенция катмарларынын социалдык өзгөрүүсү

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** XX кылымдын 20-30-жылдар аралыгындагы Кыргызстандын социалдык түзүлүшүнүн өзгөрүшүнө анализ жасоо. Коюлган максаттарды ишке ашыруу үчүн төмөнкүдөй милдеттер коюлат:

-изилдөөнүн булактык базасына жана тарыхнаамалык маселелерине анализ жүргүзүү;

-колониалдык мезгилдеги социалдык түзүлүштүн өзгөрүүсүн иликтөө;
-кыргыздардын салттуу коомунун социалдык түзүлүшүнө талдоо жүргүзүү;
-20-жылдардын башындагы социалдык-экономикалык реформалардын алкагындагы стратификациялык өзгөрүүлөргө анализ жасоо;
-Кыргызстандагы социалдык түзүлүштүн трансформациялануу процессине анализ берүү;
-социалдык стратификациялардын трансформациялануу процессинин жыйынтыктарын иликтөө;

**Изилдөөнүн булактык базасы.** Илимий маселенин хронологиялык алкагына байланыштуу изилдөөдө колдонулган тарыхый булактарды өзүнүн мазмунуна, маалыматтуулугуна жараша II чоң топко бөлүп кароого болот.

I топтогу булактарга жарыяланбаган архивдик булактар кирет. Жарыяланбаган архивдик материалдар Кыргыз Республикасынын Борбордук мамлекеттик архивинде сакталып турат. Диссертациялык эмгекте тийиштүү фонддор колдонулду.

II топтогу тарыхый булактарга жарык көргөн статистикалык жыйнактар, эл каттоонун материалдары, отчеттор, Кыргыз АССРнин 15, 20, 50 жылдык юбилейине карата чыгарылган жыйнактарды кошууга болот.

Изилдөөнүн булактык базасы диссертациялык иштин 1.2. параграфында өз алдынча анализ берүү аракети жасалат.

**Изилдөөнүн методологиялык негизин** илимий объективдүүлүк, тарыхый, социалдык принциптер түздү. Илимий изилдөөнүн объектисине жараша тарыхый-салыштырмалуулук, тарыхый-генетикалык, хронологиялык, проблемалык-хронологиялык методдор колдонулду.

**Диссертациялык изилдөөнүн илимий-теориялык жана практикалык мааниси.** Диссертациянын материалдарында камтылган илимий жоболор, көз караштар жана илимий изилдөөнүн жыйынтыктары Кыргызстандын жана коңшулаш элдердин тарыхын окутууда колдонулушу мүмкүн.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы**.

- илимий эмгектин жаңылыгы катары постсоветтик доордогу Кыргызстандын тарыхнаамасында изилдене элек диссертациялык иштин алдына коюлган маселе менен шартталат;
- диссертанттын алгачкы ирет Кыргызстандын коомдук-социалдык түзүлүшүн жаңы социалдык-теориялык нукта кароого аракет жасашы;
- коомдун социалдык стратификациялык түзүлүшүнүн өзгөрүшү өз ара бири-бирине таасир берүүчү, өз ара тыгыз байланыштагы процесс катары кароо менен ага системалуу нукта баа берүүгө аракет жасалышы илимий иштин жаңылыгы болуп саналат

**Коргоого алып чыгуучу жоболор:**

1. Коомдун социалдык структурасын динамикалуу өнүгүп туруучу процесс катары кароо талап кылынат жана анын трансформациялануу процесси табигый шарттардын гана чегинде жүрүүсү зарыл.

2. Социалдык структуранын өзгөрүүсүн күч колдонуу менен ишке ашыруу коомду социалдык, экономикалык, демографиялык жактан жоготууга алып келиши мүмкүн.
3. Кыргыз коомунун социалдык стратификациялык түзүлүшү XXк. башында колониалдык мезгилде жана совет мамлекетинин алгачкы жылдарында, социализмди куруу убагында өзгөрүүгө учураган.
4. 20-30-жж. жүргүзүлгөн социалдык стратификациялардын трансформациялануу процесси репрессиялык мүнөздө жүрүп, Кыргызстанды социалдык-экономикалык, маданий жактан модернизациялоо мезгилинде эски социалдык түзүлүштүн страталары жок кылынган.
5. Кыргызстандагы жаңы колхозчу-дыйкан, жумушчу жана интеллигенция страталарынын калыптануу процесси оор шарттарда жүргөндүгүнө карабастан, көчмөн жана жарым көчмөн шартта жашаган кыргыздардын арасында отурукташуу процесси ийгиликтүү аяктап, совет бийлиги бекемделип гана калбастан, социализмди куруу улана берген.

**Диссертациялык иштин жыйынтыгынын апробацияланышы.** Диссертациялык изилдөөнүн айрым жыйынтыктары, маанилүү сунуштары эл аралык жана республикалык илимий-теориялык жана илимий-практикалык конференцияларда апробацияланды. Эмгектин мазмуну боюнча жергиликтүү жана чет элдик журналдарга илимий макалалар жарыяланды

**Изилдөөчүнүн жеке салымы**. Изилдөө процессинин натыйжасында автор тарабынан айрым архивдик материалдар илимий айлампага киргизилди, проблема боюнча кээ бир жаңыча көз караштар сунушталды.

**Эмгектин түзүмү жана көлөмү**. Диссертациялык иш киришүү бөлүмүнөн, 3 баптан, корутундудан жана адабияттардын тизмесинен турат. Илимий иштин негизги көлөмү 140 беттен туруп, 170 архивдик булактар жана адабияттар колдонулду.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

“**Изилдөөнүн тарыхнаамасы жана булактык базасы** ” деп аталган биринчи бапта илимий маселенин булактык базасына жана изилденүү деңгээлине талдоо жүргүзүлгөн. Илимий эмгектин хронологиялык чегине жараша меселенин изилденүү деңгээлин революцияга чейинки, советтик жана постсоветтик мезгилдерге бөлүп кароо менен үч мезгилде жарык көргөн илимий эмгектерге анализ жүргүзүү аракети жасалат.

**Революцияга чейинки доордогу** Кыргыздардын коомдук түзүлүшүн чагылдырган эмгектердин катарына Н. Гаврилов, В.А. Васильев, Г.К. Гинс, А.А. Кауфман, О.Шкапский, ж.б. эмгектерин кошууга болот. Аталган авторлор колониалдык доордо ар кыл кызматтарды аркалаган чиновниктер болушкан. Алардын эмгектеринде Жети-Суу, Фергана областарындагы көчүп келүү саясатынын жүрүшү, орус келгиндеринин динамикалык өсүү процесси, салттуу кыргыз коомунун социалдык түзүлүшүндөгү катмарлар жана башка элдердин көчүп келүү себептери чагылдырылган. Алсак, В. Васильевдин маалыматы

боюнча 1868-1880-жж. Жети-Суу областына көчүп келгендер 3324 үй-бүлөнү түзүп, алардын ичинен 39% дыйкандар, 1225 үй-бүлө -мещандык катмарга киргендер, 2099 үй-бүлө дыйкан чарбалары болушкан. Мындан сырткары, 242 үй-бүлө пенсиядагы жана запастагы төмөнкү чиндеги аскер адамдары болушкан. Демек, автордун эмгегинен орус келгиндеринин арасында катмарга бөлүнүү болгондугун көрүүгө болот. Ошол эле учурда В. Васильевдин пикири боюнча 1913-жылга карата Жети-Суу областынын калкынын 68,9% кыргыздар, 26,2% орустар, 4,9% дунган жана таранчылар түзүшкөн.

XXк. башында кыргыздардын социалдык түзүлүшү боюнча маалыматтарды В. Масальский, О. Шкапский, Н. Гавриловдун эмгектеринде сүрөттөлгөн. Алсак, О. Шкапский кыргыздардын коомдук турмушундагы манаптардын ролуна токтолуп манапчылыкты кыргыздардын «маданий өнүгүүсүнө тормоз болгон көрүнүш катары» баалаган. Демек, революцияга чейинки адабияттарда кыргыздардын социалдык түзүлүшү XX кылымдын башындагы көчүп келүү саясатын изилдөөгө алышкан орус тарыхнаамасынын өкүлдөрүнүн эмгектеринде учкай гана сүрөттөлгөн.

**Советтик тарыхнаама.** XXк. 20-30-жылдардагы Кыргызстандын социалдык түзүлүшүнүн өзгөрүү процессин изилдеген советтик доордогу илимпоздорду эки мезгилге (20-40-жж. жана 50-80-жж.) бөлүп кароого болот. 20-40-жылдардын аралыгында дыйкандардын социалдык түзүлүшү, көчмөн жана жарым көчмөн чарбалардын отурукташуу прецессине арналган бир катар эмгектер жаралган. Алардын катарына: Буров-Петровдун, П. Кушнердин, П.В. Погорельскийдин жана В.С. Батраковдун, А.И. Фатьяновдун, М.Ф. Гавриловдун, Т.Р. Рыскуловдун, М.С. Кивмандын, М.Б. Сахаровдун, С. Амрамзондун ж.б. эмгектерин кошууга болот. Аталган эмгектерде Совет бийлигинин алгачкы жылдарындагы кыргыздардын социалдык түзүлүшү, экономикалык абалы, отурукташуу процессинин жүрүшү, агрардык чөйрөдөгү болуп жаткан өзгөрүүлөр изилденген.

Кыргыз АССРнин өкмөтүндө жооптуу кызматтарында иштеп, Совет бийлигинин жылдарындагы Кыргызстандын чарбачылык жана маданий курулуш иштери боюнча эмгек жазган авторлордун бири - А. Фатьянов. Партиялык кызматкер катары А. Фатьянов округдарды райондоштуруу маселесине токтолуп, райондоштуруу кыргыздардын уруулук түзүлүшү менен күрөшүүгө таасирин тийгизгенин белгилеп кеткен.

Ф. Гаврилов Суусамыр өрөөнүнө социологиялык изилдөө жүргүзүп, салттуу кыргыз коомунун социалдык түзүлүшүн сүрөттөгөн. Ф. Гаврилов өз эмгегинде кыргыздар социалдык жактан бай, манап, букара катмарларынан тургандыгын белгилейт. “Букаралар” ич ара “жарды” “жатакчы”, “малай” ж.б. катмарларынан турса, байлар болсо “уруктуу бай” (“кордолуу бай”), “ордолуу бай”, “сасык бай” болуп ич ара бөлүнүшөөрүн көрсөткөн. Ал эми М. Кивмандын эмгегинде болсо, 1930-жылы Чүй өрөөнүндөгү дыйкандар үч топтон: кедейлер 38%, орто дыйкандар 57,5%, кулактар 4,5% турарын белгилеп кеткен.

50-80-жылдардын аралыгында Кыргызстандын социалдык түзүлүшүндөгү стратификациялык процесстердин трансформацияланыусуна байланыштуу

дыйкан, жумушчу, интеллигенциянын калыптануу, өзгөрүү маселелери бир катар окумуштуулардын эмгектеринде чагылдырылган. Айыл чарбасындагы дыйкандар чөйрөсүндөгү социалдык өзгөрүүлөрдүн жүрүшү П.К. Алпацкийдин, С. Ильясовдун, Дж.С. Бактыгуловдун, И.И. Ибраимов, Д.М. Будянский, В.П. Шерстобитов ж.б. авторлордун эмгектеринде изилденген.

П.К. Алпацкийдин эмгеги көчмөн жана жарым көчмөн кыргыз чарбаларынын отурукташуу процесине өтүү маселелери изилдөөгө арналган. Аталган эмгекте 20-жылдардагы Совет бийлигинин көчмөн чарбаларды отурукташтыруу боюнча жүргүзгөн иш-чараларына анализ жүргүзүп, 1921-жылдагы жер-суу реформасынын натыйжасында падышачылыктын көчүрүп келүү саясатынын мурастары жоюлуп, көчмөн жана жарым көчмөн чарбалардын отурукташууга өтүүсүнө шарт түзүлгөндүгү белгиленет. Белгилүү окумуштуу В. Шерстобитовдун эмгеги 1921-1925-жылдардагы Кыргызстандагы жаңы экономикалык саясаттын жүрүшү, жер-суу реформасы, агрардык тармактагы совет мамлекетинин алгачкы иш-чаралары изилденген. Жер-суу реформасына баа берген автор, дыйкандардын жерге болгон мамилесин теңдештирүү менен “кулактардын ашыкча жерин, мүлкүн, айыл чарба техникасын тартып алып” реформа кулак чарбаларына каршы катуу сокку ургандыгын көрсөтөт.

Кыргызстандын түштүк аймагындагы жүргүзүлгөн жер-суу реформасынын жүрүшү, анын натыйжалары Д. Будянскийдин эмгегинде чагылдырылган. Автор конкреттүү тарыхый фактыларга таянуу менен түштүк райондордо жүргүзүлгөн агрардык реформанын жүрүшүн изилдеп, кедей, батрак чарбаларынын социалдык жактан өзгөрүү процессине токтолуп кеткен. Жер-суу реформасы феодалдык жерге болгон ээликти жоюу менен дыйкандарга жер бөлүштүрүү маселесин чечкендигин белгилейт. Бирок, автордун пикиринде реформа жер маселесин толук чечкен эмес, дыйкандардын 75% гана жер үлүшүнө ээ болгондугун баса белгилеп кеткен. 20-30-жылдардагы Кыргызстандагы социалисттик кайра куруулардын натыйжасында дыйкан катмарынындагы өзгөрүштөрдүн жүрүшүн изилдөөгө алган окумуштуулардын бири Дж. Бактыгуловдун калемине бир катар илимий эмгектер таандык. Дж. Бактыгуловдун аталган эмгектеринде негизинен 20-30-жылдардын аралыгындагы көчмөн жана жарым көчмөн чарбаларды отурукташтыруу, коллективдештирүү, колхоздордун материалдык-техникалык базасынын түзүлүшүнө байланышкан маселелер изилденет. Автордун эмгегинен айыл жергесиндеги дыйкандардын социалдык абалынын өзгөрүшү тууралуу кызыктуу материалдарды алууга болот. Алсак, 30-жылдардын аягындагы Кыргызстандын калкынын социалдык түзүлүшүнө токтолгон автор 1939-жылы жумушчу жана кызматкерлер 12,1%, колхозчулар 8,8% жана башка социалдык топтор 4,1% түзгөндүгүн белгилейт. Бирок, саясий идеологиянын багытына жараша жыйынтык чыгарган автор: “Кыргызстанда башка советтик республикалар сыяктуу эксплуататордук топтор жоюлуп, дыйкан жана жумушчу достук таптары түзүлдү”, - деген тыянак чыгарган. Демек, жогорудагы эмгектерди пайдалануу менен дыйкандардын чөйрөсүндө жүргөн социалдык өзгөрүүлөрдүн жүрүшүнө анализ берүүгө болот.

Кыргызстандагы өнөр-жай тармагынын абалы, жумушчу табынын калыптануу этаптары С. Аттокуровдун, Б.Д. Чыймылованын, Х.М. Мусиндин, Ж.С. Татыбекованын, Н.С. Есиповдун, Б.Ш. Чормоновдун, А.Ф. Сидоровдун илимий чыгармаларында жана коллективдүү жазылган эмгектеринде сүрөттөлөт. Кыргызстандын өнөр-жай тарыхын изилдөөгө алган авторлордун бири- С. Аттокуров совет бийлигинин алгачкы жылдарындагы өнөр-жай ишканаларын улутташтыруу, аларды башкаруу, маселесин изилдөөгө алган. Алсак, С. Аттокуровдун пикири боюнча 1917-1920-жылдары улутташтыруу жүрүп, негизинен көмүр-кен ишканалары, кустардык типтеги тери иштетүү заводдору, ун чыгаруучу заводдор, токой ишканалары улутташтыргандыгын баса белгилейт. Демек, ар кыл тармактагы ишканалардын улутташтырылышы менен жумушчулардын тармактык жактан бөлүнүп иштөөсүнө шарт түзүлө баштаган. II, III беш жылдыктагы өнөр-жай тармагындагы жетишкендиктер жумушчу табынын калыптанышына шарт түзгөн. С. Аттокуров “III беш жылдыкта жумушчу табынын калыптанышы аяктаган”- деген жыйынтык чыгарган.

Кыргызстандагы жумушчу табынын тарыхына арналып жазылган “История советского рабочего класса Киргизстана” аттуу эмгекте 20-60-жылдардагы жумушчу табынын өсүшү, курамы, индустриялаштыруунун жүрүшү, алардын материалдык-техникалык базасынын жогорулашына байланышкан маселелер изилденген. Аталган эмгекте 30-жылдардан баштап кыска мөөнөттүү профессионалдык-техникалык курстар ачылып, жумушчулар арасында адистештирүү жүргүзүлө баштаганы иликтенет. Механизациялаштыруу квалификациялык жумушчуларды, инженерлерди жана техниктерди даярдоону талап кылган деп белгиленет. I-II беш жылдыктардын арасында жаңы завод, фабрикалардын курулушу менен жумушчулардын социалдык чөйрөсүндө өзгөрүүлөрдүн жүргөндүгүн төмөнкү цифралардан көрүүгө болот: темир иштетүү тармагында – 19%, көмүр өндүрүүдө-14,4%, текстиль чыгарууда -11,8%, тамак-аш тармагында – 22,8%, түстүү металлдарды өндүрүүдө– 1,2%, полиграфия тармагында – 1,2%, курулуш материалдарын чыгарууда – 5,7% ж.б. тармактарда жумушчулар адистештириле баштаган. Аталган эмгекте жумушчу табынын калыптанышынын этаптарын, анын негизги булактары боюнча далилдүү фактыларды келтирилгендигине карабастан, жумушчулардын 20-30-жылдар аралыгында кандай өзгөрүү процесстери жүргөндүгүнө көңүл бурулган эмес.

20-30-жылдардагы Кыргызстандын социалдык түзүлүшүндөгү өзгөрүүлөрдүн жүрүшүндө интеллигенция стратасынын ролу чоң экендиги белгилүү. Интеллигенциянын жаралышы республикадагы орто, жогорку окуу жайлардын абалы менен тыгыз байланыштуу. Бул багыттагы изилдөөлөргө белгилүү окумуштуулар С.С. Данияровдун, А.К. Каниметовдун, И.А. Соктоевдин, Э.Ж.Маанаев, К.К. Орозалиевдин эмгектеринде чагылдырылган.

Кыргызстандагы социалдык түзүлүштүн өзгөрүү процесстери К.Орозалиевдин эмгегинде изилденет. Коомдун социалдык структурасынын өзгөрүүсүн дыйкан, жумушчу жана интеллигенция катмарларынын арасында

жүргөн трансформациялык процесске токтолуп, айрым жыйынтыктарды сунуш кылган. Дыйкандар катмарындагы өзгөрүүлөргө анализ берип жатып, автор бай-манаптарга каршы жүргүзүлгөн күрөшкө басым жасап, кедей, батрактардын таянычы катары "Кошчу" союзунун чоң иш аткаргандыгына токтолуп кеткен. Автор конкреттүү тарыхый фактыларга таянуу менен социалдык-таптык өзгөрүүнүн жүрүшү боюнча көп маалыматтарды келтирет. Бирок, социалдык өзгөрүүлөрдүн жүрүшүндө партиянын ролун баса белгилөө менен катар анын кемчилектерин ачык көрсөтө алган эмес.

Жогорудагы тарыхнаамалык анализ көрсөткөндөй советтик доордо Кыргызстандын 20-30-жж. социалдык түзүлүшүнүн өзгөрүүсүнө карата көптөгөн илимий эмгектер жаралып, аларда жумушчу, дыйкан табы жана интеллигенция катмары түзүлүлгөндүгүн белгилешип, алардын калыптануу этаптарына баа беришкен. Ошол эле учурда советтик идеологиянын таасири астында совет мамлекети тарабынан социалдык катмарларга карата жүргүзүлгөн репрессиялык чаралар, алардын кесепеттери туурасында сын көз караштар айтылган эмес.

**Постсоветтик доордун тарыхнаамасы.** 20-30-жылдары Кыргызстан коомунун социалдык түзүлүшүндөгү өзгөрүүлөрдү изилдөөгө багытталган бир катар эмгектер жаралган. Каралып жаткан мезгилдеги социалдык-экономикалык реформалардын жүрүшүн,алардын кесепеттерин жаңы тарыхый позициядан баа берүүгө чоң аракеттер жасалып келе жатат. Алсак, Дж. Джунушалиев социалдык-экономикалык кайра өзгөртүүлөрдүн негизги өзөгүн түзгөн, 20-30-жылдардагы жер-суу реформасы, отурукташуу процесси, коллективтештирүү анын кесепеттери, бай-манаптарды тап катары жоюу маселесин изилдөөгө алган. Автор социалдык-экономикалык тармактагы өзгөрүүлөрдү «куруу жана трагедия» мезгили катары баалаган.

20-30-жылдардагы улуттук интеллигенциянын калыптануусу жана анын коомдук-саясий турмуштагы ролу Э.Ж. Маанаев, З.К. Курманов, Г. Курумбаевалардын авторлошкон эмгегинде чагылдырылган. Авторлор улуттук интеллигенциянын калыптануу этаптарын, формаларын жана кадрларды даярдоо багыттарына талдоо жүргүзүү менен согуш жылдарынын алдында улуттук интеллигенция катмары түзүлдү деген жыйынтыка келишкен.

Ал эми А.А. Арзыматованын эмгегинде болсо Кыргызстандын россиялык-советтик доорундагы өнөр жайдын өнүгүшүнүн теоретикалык-методологиялык маселелери изилдөөгө алынат. Автор 20-30-жылдардагы индустриялаштыруунун концептуалдык маселесине гана токтолбостон, өнөр-жайдын өнүгүшү, жумушчу табынын сандык жана сапаттык өзгөрүүсүнө анализ берип кеткен. Алсак, А.А. Арзыматова 1934-жылы Кыргызстанда эл чарбасында эмгектенгендердин ичинен кыргыздар 64,1% түзүшүп, алардын ичинен өнөр-жай жана курулуш тармагында 18,1% түзгөндүгүн белгилейт.

Ш. Батырбаеванын эмгегинде болсо 1926-1939-жылдардагы эл каттоонун материалдарынын негизинде калктын демографиялык структурасына салыштырмалуу анализ жүргүзүү менен калктын социалдык профессионалдык структурасын, жаш курагын, билимин, этникалык курамы боюнча

өзгөрүүлөрдүн жүрүшүнө, тарыхый булактарды салыштыруу аркылуу талдоо жүргүзүлгөн. Ошол эле учурда Ш. Батырбаеванын эмгегинен 20-30-жылдардагы шаар жана айыл калкынын улуттук курамы, социалдык топтору боюнча өзгөрүүлөр туурасында кызыктуу материалдарды алууга болот. Алсак, Ш. Батырбаева: “Айыл жергесинде 61,19% калк кыргыздар, шаар жергесинде 50% орустар жашаган. Коомдук группалар (катмарлар) шаарда 49,5% жумушчулар, 31,7% кызматчылар, айыл жергесиндеги жумушчулар 14,8%, кызматчылар 7,9%, 72,2% колхозчулар болушкан”, - деп белгилейт.

Жыйынтыктап айтканда, постсоветтик тарыхнаамада, советтик тарыхнаамадан айырмаланып Кыргызстандын 20-30-жылдарындагы социалдык түзүлүшүндөгү өзгөрүүлөрдүн жетишкен жактарына жана анын трагедиялу сабактарына анализ берүүгө багытталган илимий изилдөөлөр жүргүзүлүп жаткандыгы байкалат.

20-30-жылдардагы Кыргызстан коомунун социалдык түзүлүшү боюнча жазылган эмгектерге тарыхнаамалык анализ берип жатып төмөндөгүдөй **жыйынтыктарды чыгарууга болот:**

- Советтик тарыхнаамада совет бийлигинин алгачкы жылдарынан тарта постсоветтик доорго чейин Кыргызстандын 20-30-жылдардагы социалдык түзүлүшүнүн трансформацияланышы боюнча өз алдынча изилдөөлөр жүргүзүлгөн эмес.
- Социалдык түзүлүштүн трансформациялануу маселеси марксисттик-лениндик концепцияга негизделип, ал концепция боюнча социалисттик коомдо жумушчу, дыйкан табы жана интеллигенция катмары бар деген түшүнүк үстөмдүк кылып келген. Ошондуктан советтик тарыхнаамада илимий эмгектердин басымдуу көпчүлүгү жумушчу, дыйкан жана интеллигенция катмарларынын калыптануу, өзгөрүү процесстерин өз алдынча изилдөөгө алышкан.
-Тарыхнаамалык анализ көрсөткөндөй советтик жана постсоветтик тарыхнаамада Кыргызстандын социалдык структурасынын өзгөрүшү боюнча өз алдынча илимий эмгектер жокко эсе. Авторлордун көпчүлүгү 20-30-жж. социалдык-экономикалык модернизациялоонун натыйжасында жумушчу, дыйкан, интеллигенция өкүлдөрүнүн ич ара өзгөрүшү туурасында изилдөө жүргүзгөн эмес. Советтик коомдогу саясий коньюктурага жараша коомдун социалдык структурасы бир жактуу гана каралып, совет мамлекетинин жүргүзгөн саясатынын оң, терс жактары жетиштүү изилденген эмес.
-Каралып жаткан маселенин тарыхнаамалык талдоосуу көрсөткөндөй Кыргызстандын 20-30-жылдардагы социалдык түзүлүшүндөгү өзгөрүүлөрдү аныктоодо «стратификация» ыкмасын колдонуу менен ага баа берүү учурдун талабы деген ойдобуз.

**Илимий изилдөөнүн булактык базасы** кеңири, аларды негизинен жарыяланбаган жана жарыяланган топторго бөлүп кароого болот. Жарыяланбаган тарыхый булактардын тобуна Кыргыз Республикасынын Борбордук мамлекеттик архивдик (БМА) документтерин кошууга болот. Борбордук мамлекеттик архивдин 99,105,1383 фонддорунда 20-30 - жылдардагы

калктын курамы, кесиби, эмгектенген тармактары, алардын сандык жана сапаттык көрсөткүчтөрү боюнча тийиштүү материалдар кездешет.

ХХ кылымдын башындагы кыргыздардын социалдык түзүлүшү, демографиялык кырдаалы боюнча маалымат берген тарыхый булактардын бири- 1897-жылкы «Первая всеобщая перепись населения Российской Империи 1897г» - аттуу жыйнактан алууга болот. Өз учурунда Бүткүл Россиялык эл каттоонун жыйынтыктары 1899-1905-жылдары 89 том (119китеп) болуп, Россия империясынын ар бир губерния жана областтары боюнча жарыяланган. Белгилей кетчү маселе, Түркстан крайына караштуу областтарда жүргүзүлгөн эл каттоодо бир катар катачылыктар кетирилген. Алсак, Сыр-Дарыя жана Семиреченск областарында жашаган казактар менен кыргыздар бир эл катары каралып калган учурлар болгон. Ал эми, 1926-1939-жылдары СССРде эл каттоо жүргөн, ал материалдар тийиштүү архивдик фонддордо катталган жана өз алдынча китеп болуп жарыяланган. Эл каттоонун материалдарынан Кыргызстан коомунун социалдык структурасындагы социалдык өзгөрүүлөр боюнча тийиштүү материалдарды алууга болот.

Тарыхый булактардын экинчи чоң тобун жарыяланган булактар түздү. Бул топко эл каттоолор, статистикалык материалдар, отчеттор, Кыргыз АССРнин, Кыргыз ССРинин 15, 20, 50 жылдык юбилейине карата чыгарылган жыйнактар ж.б. кирет. Аталган тарыхый булактардан 20-30-жж. жумушучу, дыйкан жана интеллигенциянын түптөлүшү, өсүшү боюнча конкреттүү материалдарды алууга болот. Бирок, тарыхый булактардын кандай гана түрлөрү болбосун илимий иште колдонууда тарыхый сынды талап кылат. Анткени, булактар административдик-буйрукчулдук мезгилде түзүлүп, аларга мезгилдин социалдык талабы, партиянын саясаты кандайдыр бир дэңгээлде өз таасирин тийгизген. Аталган тарыхый булактарды колдонууда тарыхый обьективтүүлүккө жетүүнүн жолу катары тарыхый-салыштырмалуу методу колдонулду.

**“ХХк. башындагы Кыргызстандын социалдык түзүлүшү”** деген экинчи бапта салттуу кыргыз коомунун социалдык түзүлүшү, колониалдык доордогу социалдык түзүлүштөгү өзгөрүүлөр жана Совет бийлигинин алгачкы жылдарындагы социалдык-экономикалык реформалардын натыйжасынан улам жүргөн стратификациялык өзгөрүүлөр иликтөөгө алынат. Социалдык катмарларга бөлүнүүнүн негизги критерийлери катары көчмөн турмушта жашап келеген кыргыздардын экономикалык абалы, мансаптуулугу, кадыр-баркы, генеологиялык теги, чарбалык түзүлүшү, малдын саны ж.б. башкы фактор болгон. Жогорудагы көрсөткөчтөрдүн негизинде кыргыз эли негизинен эки чоң катмарга “ак сөөктөр” жана “кара сөөктөр” болуп бөлүнүшкөн. Ч. Валихановдун пикири боюнча “эл катмар катары эки кастага бөлүнөт: башкаруучулар (манаптарга) жана жөнөкөй эл (кара букара)”. Ал эми, белгилүү тарыхчы Б. Солтоноев кыргыздар бир канча түркүмдөргө бөлүнүшөт, аларга: бай, манап, хан, дыйкан чарба, букара, кул жана сот кирээрин белгилеген. “Ак сөөктөр“ катмарларына: бийлер, байлар, манаптар киришип, булар мүлктүк, байлык

жактан гана айырмаланбастан, социалдык теги боюнча айырмаланышып турган. Аталган катмарлар ич ара бир катар топторго бөлүнүшкөн. “Кара сөөктөр” катмары коомдогу социалдык жана экономикалык абалы, аткарган кызматы боюнча айырмаланышып, коомдогу негизги өндүрүүчү күчтү жана массаны түзүшкөн. Алар өздөрүнүн мал чарбачылыгына, дыйканчылыгына байланыштуу аткарган кызматтары боюнча жарды, жалчы, мандикер, жатакчы, чайрикерлер болуп бөлүнүшкөн. Кыргыз элинин салттуу коомдук түзүлүшүнүн социалдык стратификациялык түзүлүшү ХХк. 30-жылдардын ортосуна чейин өкүм сүргөн. 20-30-жылдар аралыгындагы Совет бийлигинин социалдык-экономикалык реформаларынын натыйжасында салттуу социалдык түзүлүш терең өзгөрүүгө учураган. Совет мамлекети тарабынан жүргүзүлгөн “таптык күрөшкө” байланыштуу кыргыз коомунун “ак-сөөктөр” катмары тап катары жоюлууга саясий куугунтукка, сүргүнгө дуушар болушуп, “эзүүчү таптын өкүлү” катары каралып алардын муундары совет доорунда да кандайдыр бир деңгээлде укуктары чектелген болчу.

ХХк. азыркы Кыргызстандын аймагына колониалдык башкаруу системасынын кириши жана саясий, социалдык-экономикалык, маданий өзгөрүүлөргө байланыштуу калктын социалдык түзүлүшү өзгөрө баштаган. Маселен, 1897-жылдагы эл каттоонун маалыматына токтолсок, Жети-Суу областы төмөнкү сословиелерден турган: тектүү дворяндар уезддерде жалпы калктын-0,004%, шаарларда-1,33%, дворяндар жана дворяндык эмес чиновниктер уезддерде-0,06%, шаарларда-1,88%, дин кызматкерлери уезддерде-0,02%, шаарларда-0,24%, мещандар уездерде- 0,88%, шаарларда-34,05%, дыйкандар уезддерде- 5,50%, шаарларда-16,52%, инородцы уезддерде- 90,69%, шаарларда-33,90%, чет өлкөлүктөр-0,08%, шаарда 2,35% түзүшкөн. Фергана областы боюнча эл каттоодо дворяндар, дин өкүлдөрү, шаардыктар, айылдыктар, чет элдик катмарларга бөлүнүп, “башка катмарлар” деген бөлүккө жергиликтүү калк кошулган. Жергилүктүү калк жалпы калктын 99,5% түзүшсө, 1% жакыны жогорку катмарлардан, чет элдик калктардан болсо 208 үй-бүлө жашагандыгы катталган. Эл катоонун маалыматы далил болгондой, жергиликтүү калктар областтагы тургундардын 90% ашыгын түзгөндүгүнө карабастан, негизги көрсөткүч катары бааланган эмес. Жогоруда белгиленгендей, Түркстандын жергиликтүү калкын «инородцы» деген жаңы социалдык катмарга баарын бириктиришкен.

ХХк. башындагы социалдык түзүлүштүн өзгөрүүсүнө чоң таасирин тийгизген факторлордун бири болуп Кыргызстандын аймагына көчүп келишкен орус келгиндери жана башка улуттун өкүлдөрү болуп саналат. Демек, сырттан көчүп келген ар кайсыл этностордун миграциялык процесстеринин натыйжасында Кыргызстандын калкынын курамы, саны ири өзгөрүүлөргө дуушар болуп, ХХк. башында Кыргызстан көп улуттуу аймакка айлана баштаган Совет бийлигинин орношу менен Кыргызстандын социалдык түзүлүшүндө трансформациялык процесстердин жүрүшүнө кеңири шарттар түзүлө баштаган. Совет бийлигинин кечиктирилгис чараларынын бири – бул агрардык маселени чечүү, өнөр-жай иш-каналарын улутташтыруу, жеке

менчикти жоюу болгон. Аталган милдеттерди чечүү-өлкөнүн социалдык-экономикалык чөйрөсүн модернизациялоону талап кылынган. Жер-суу реформасынын негизги милдеттери-колониалдык доордон бери мурас катары колдонулуп келген жер тилкесине болгон жеке менчикти жоюу, орус жана жергиликтүү калктын ортосундагы жер маселеси боюнча мамилесин теңдештирүү болгон. Аталган максаттарга жетүү үчүн бир катар саясий жана экономикалык чараларды жүргүзүү каралган. Биринчиден, кулактардын уюмдарын жоюу жана кулактардын жер-жерлерде бийлигине каршы болгон таасирин жок кылуу. Экинчиден, орус келгиндеринин (негизинен орус кулактарынын) ашыкча жерлерин тартып алуу, “өз алдынча көчүп келгендердин” кыштактарын, хуторлорун жана кыштоолорун жоюу болгон. Бошотулган жер үлүштөрү жерге орноштуруу фондуна берилип, кедей дыйкандарга берүү максатын көздөгөн. Ашыкча катары бааланган инвентарлар кыргыз кедей-дыйкан чарбаларын бекемдөө үчүн фондго өткөрүлгөн. Ал эми ири кулак чарбалары, алардын мүлктөрү, малы конфискацияланып, кулактар сүргүнгө айдалууга тийиш болгон. Дыйкандарга көрсөтүлгөн социалдык жардамдар алардын коллективтүү чарбаларга биригүүсүнө гана шарт түзбөстөн, социалдык жактан өзгөрүүсүнө жол ачкан. Массалык коллективдештирүүнүн алдында дыйкандардын социалдык катмарларынын 34% кедей, 57% орто, 9% бай-манаптар чарбаларынан турушкан. Коллективдештирүү кедей, орто дыйкан катмарларынын колхозго биригүүсүн күчөтсө, ошол эле учурда бай-манаптарга каршы «кулакка тартуу» компаниясы, акыркылардын социалдык страта катары жоюлушун тездеткен.

Совет мамлекетинин алгачкы жылдарындагы социалдык-экономикалык модернизациялоо жумушчу социалдык катмарынын өзгөрүүсүнө шарт түзгөн. Граждандык согуштун бүтүшү менен өнөр-жай ишканаларын калыбына келтирүү жана жумушчу кадрлардын сандык жактан өсүүсү башталган. Маселен, 1921-1926-жылдары Кыргызстан коомунун негизги социалдык катмарын түзгөн жумушчулардын ичинде өнөр-жайдын төмөнкү тармактары боюнча бөлүнүшкөн жумушчулардын жаңы катмары жаралгандыгын төмөнкү таблицадан көрүүгө болот:

| **Тармактар** | **Жумушчулардын саны** | | **Анын ичинде** | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **Саны** | **%** | **шаардык** | | **айылдык** | |
| | | | **саны** | **%** | **саны** | **%** |
| Айыл чарбасы | 7001 | 42,6 | 609 | 8,7 | 6392 | 91,3 |
| Өнөр-жай | 1991 | 12,1 | 1612 | 81,0 | 379 | 19,0 |
| Анын ичинде:<br>а) заводдук-фабрикалык<br>б)кустардык кол өнөрчүлүк | <br>1405<br>586 | <br>8,5<br>3,6 | <br>1179<br>433 | <br>83,9<br>73,9 | <br>226<br>153 | <br>16,1<br>26,1 |
| Курулуш | 543 | 3,2 | 304 | 56,9 | 230 | 43,1 |
| Транспорт | 553 | 3,4 | 275 | 49,7 | 278 | 50,3 |
| Өндүрүш эмес чөйрө | 6374 | 38,7 | 3710 | 58,2 | 2664 | 41,8 |
| Жалпы | 16453 | 100 | 6510 | 39,6 | 9943 | 60,4 |

Жогорудагы таблицадан көрүнүп тургандай, совет бийлигинин алгачкы жылдарында жумушчулар айыл чарба тармагында басымдуу болушкан. Таблицада белгиленгендей өндүрүштөн тышкары иштегендер басымдуу көпчүлүктү же болбосо жумушчулардын 38,7%, шаар ичинде 58,2 %, айыл жергесинде 41,8 % түзгөндүгүн көрүүгө болот.

Совет мамлекетинин алгачкы жылдарындагы негизги максаттардын бири интеллегенцияны калыптандыруу болгон. «Буржуазиялык интеллигенция» таратуу жана «жумушчу дыйканы» интеллигенциясын жандандыруу иш-чаралары жүргүзүлө баштаган. Эски буржуазиялык кадрлардын ордун жумушчулар “ишке көрсөтүлгөндөр” («выдвиженцы”) ээлей баштаган. Советтик жана партиялык кызматтарга тартуу үчүн кыска мөөнөттүү курстар ачылган. Мисалы, 1927-1928-жылдары советтик жана партиялык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу үчун курстарга 920 адам жөнөтүлгөн. Алардын 60% жергиликтүү улуттун өкүлдөрү жумушчу, дыйкан чөйрөсүнөн чыккандар болушкан. Бирок, “ишке көрсөтүлгөндөр” жумушчу, дыйкандар арасынан билимдүү профессионалдык адистерди даярдоону чече алган эмес. Көпчүлүк учурда “ишке көрсөтүлгөндөрдү” тандоо таптык принциптерге таянгандыктан «буржуазиялык элементтердин» өкүлдөрү четтелип калган.

Демек, Совет мамлекети алгачкы жылдардан баштап эле кыйшаюусуз түрдө таптык социалдык саясатты ачык жүргүзө баштаган. Ал саясат эски социалдык стратификацияны бузуу менен таптык дифференцияны тереңдетүүгө багытталган. Кыргызстандын шартында бул саясатты ишке ашыруунун бир катар өзгөчөлүктөрү болгон. Социалистик модернизациялоо жылдарындагы Совет бийлигинин эски коомдун катмарларына каршы жүргүзүлгөн репрессиялык саясатынын натыйжасында бир катар терең кесепеттерди жараткан. Коомдук түзүлүштөгү социалдык топ катары жашап келишкен, ири жер ээлери бай-манаптар, дин кызматкерлери социалдык тап катары жоюулууга дуушар болушкан. Ошол эле учурда кол өнөрчүлөр, майда кустардык чарба менен кесип кылышкан топтор, соодагерлер репрессиялык саясатка дуушар болушкан эмес. Алар жаңы социалдык түзүлүшкө адаптациялана башташкан.

**“Кыргызстандын социалдык түзүлүшүнүн өзгөрүшү**” деп аталган үчүнчү бапта 1930-жылдардын аягындагы Кыргызстандын социалдык түзүлүшүндөгү өзгөрүүлөрдүн жүрүшү, жана анын жыйынтыктары изилдөөгө алынат.

1926-1939-жылдардагы эл каттоонун маалыматтарын салыштыруу менен жумушчу, дыйкан жана интеллигенциянын калыптануу, социалдык жактан өзгөрүү процесстери жүргөндүгүн аныктоого болот. Жумушчу табынын толукталуусунун эң негизги жана массалык булагы – жергиликтүү жана борбордук райондордон көчүрүлүп келген тургундар болгон. Көчүрүлүп келгендердин көпчүлүгү шаарларда отурукташкындыгына байланыштуу кыргыздардын шаар калкынын курамындагы салыштырмалуу саны түшүп

кеткен. Архивдик материалдар тастыктап тургандай, массалык көчүрүү процесстеринен улам 1926-жылы эле жумушчу-мигранттардын саны шаар тургундарынын 58% ын түзгөн. Ошол эле учурда жаңы өнөр жай тармактарынын курулушу менен жумушчулардын өндүрүштүн тармактары боюнча адистештирлиген катмарлары жаралаган. Алсак, 1939-жылга карата тармактык жумушчулардын өсүш темпи төмөндөгүчө болгон: курулушчулар – 28,4 эсе, транспортчулар- 16 эсе, оор өндүрүш – 14,7 эсе, айыл-чарба – 5,6 эсе, өндүрүштүк эмес тармактын жумушчулары – 4,2 эсеге өскөн. Демек, социалдык жактан алып караганда жумушчулардын тармактык жаңы катмарлары түзүлө баштаган.

Ал эми коллективдештирүүнүн натыйжасында өз алдынча эмгектенип келген жеке дыйкан катмары жоюлуп, жаңы социалдык страта катары–колхозчу-дыйкан табы түзүлгөн. Айыл чарба тармагындагы дыйкандардын социалдык өзгөрүүсү I-II беш жылдыктар арасында активдештириле баштаган. Дж. Бактыгуловдун пикири боюнча; 1937-жылы 91,7% айылдагы чарбалар бириктирилсе, 1940-жылы 98,9% дыйкан чарбалары 1739 колхозду бириктирилген. Ал эми, 1939-жылга карата Кыргызстандагы колхозчу дыйкандар табы (кустарлар менен кошо) 886 000 адамды камтып, республикадагы жалпы калктын 60,7% түзүшкөн. Колхоздордун түзүлүшү менен айыл жергесинде колхоз башкармалары, агроном, ферма башчылары, зоотехник, бригадирлер, звено башчылары ж.б. сыяктуу колхоз системасында жаңы – социалдык иерархия түзүлүп калыптана баштаган. Ошол эле учурда – чабан, малчы, тракторист, комбайнчы, талаа бригадири сыяктуу жаңы кесиптин ээлери пайда болгон. Дыйкандар социалдык коомдо өз алдынча катмар катары жашап калган, бирок көз каранды эмес өндүрүүчүдөн мамлекетке толук баш ийген социалдык стратага айланган. Мамлекет тарабынан көтөрүлгөн ири айыл чарба өндүрүшүн түзүү максатына жеткен, бирок коллективдештирүү айыл жергесинде чоң кемчилдиктер менен коштолгон.

Маданий тармактагы өзгөрүүлөр жаңы интеллигенция катмарынын жаралышына шарт түзгөн. 30-жылдардын аягында педагогикалык училищелер, иституттар негизделип, орто мектептер үчүн кадрларды даярдоону күчөтө баштаган. 1936-жылы – 104, 1937-жылы – 137, 1938-жылы – 251, 1939-жылы – 658 бүтүрүүчүлөр аякташып , педагогикалык кадрлардын курамын толукташкан. Үчүнчү беш жылдыктын башталышында, 1938-1939-окуу жылында Кыргызстанда мугалимдердин саны 1927-жылга караганда 7,3 эсе, 1914-жылга салыштырганда 45 эсе жогору өсүп, 980 адамды түзүп калган. Жалпы статистикалык маалыматтарга таянсак, 1939-жылы Кыргызстандагы интеллигенция катмары төмөндөгүдөй картинаны түзүп калган: элдик интеллигенция өкүлдөрү, башкаруу кызматкерлери менен кошуп алганда – 84728 адамды түзүп, анын ичинен инженердик-техникалык кызматкерлер – 5832, агроном, зоотехник, ветврачтар – 2962, медициналык кызматкерлер – 3358, мугалимдер, тарбиячылар жана илимий кызматкерлер – 15 003, адабият жана басма сөз – 452, агартуу кызматкерлери – 1528, искусство кызматкерлери- 1269, юристтер- 531, экономист, бухгалтерлер – 19844 түзүшкөн. Кыргызстандын

жалпы калкынын 13,8% акыл эмгеги менен эмгектенишкен адамдар түзүшкөн. Демек, интеллигенция катмарынын көпчүлүк бөлүгүн мугалимдер түзүшүп калгандыгын байкоого болот. Мындай көрүнүш партиянын чет жактагы райондордо кадрларды даярдоо пландарынын ишке ашырылышынын натыйжасы катары кароого болот. 30-жылдардын аягында интеллигенция өкүлдүрүнөн республикада жаңы социалдык-саясий страта өкүлдөрүн түзгөн коомдук-партиялык номенклатура түзүлгөн. Совет коомунда бул страта советтик башкаруучу, үстөмдүк кылуучу катмарга айланган десек болот. Жыйынтыктап атйканда, 1939-жылдын эл каттоосунун маалыматтарына караганда кыска мөөнөттүн ичиндеги социалисттик кайра куруулардын натыйжасында коомдун илимий-техникалык өзөгү, маданий-агартуучулук жана башкаруучу интеллигенциясы түптөлгөн. Ошол эле, 1939-жылкы маалыматтарга таянсак, республикалык денгээлдеги партиялык, мамлекеттик, кооперативдик жана коомдук мекемелердин жетекчилигинде 115 (14,3%) кыргыз иштеген, алардын ичинен 11 (9,6%) аялдар болгон. Ал эми район жана шаарлардын деңгээлинде – 1103 адам (42,2%), анын ичинде 103 (9,3% ) аялдар ээлеп турган. Республикадагы сот жана прокурорлордун саны – 246 болсо, арасында 116 (47,2%) кыргыз эмгектенген,анын ичинде 8 (6,9%.) аял экендиги маалым. Техникалык персоналдын арасында 11 конструктор каттоодо болсо, ичинен бирөө кыргыз улутунун өкүлү болгон. Мамлекеттеги экономисттердин 3,4% (142 адам) кыргыз улутунда болсо, анын ичинде 2 аял, 189 бухгалтердин ичинен – 5 аял болгон. Бул тармактарда бир гана аялдар эмес, дээрлик жергиликтүү улут аз көрсөтүлгөндүгү менен, алардын аз санда болсо да көрсөтүлүшү ошол мезгил үчүн чоң жетишкендик болуп эсептелинген жана андан аркы өнүгүшүнө да маанилүү өбөлгө болгон.

1939-жылдагы эл каттоо боюнча Кыргызстандагы социалдык катмарларды трансформациялоо процессинин негизинде – жумушчу, дыйкан, интеллигенция деп ич ара бир катар топторго бөлүнгөндүгүн байкоого болот. 1) Мамлекеттик, партиялык, кооперативдик жана коомдук мекемелердин өкүлдөрүнө: республикалык, шаардык жетекчилер, соттор, прокурорлор, мекемелердин жетекчилери, дүкөндүн башчылары, партия, профсоюздук уюмдардын кызматкерлери, алардын жетекчилери ж.б. 2) Техникалык кызматкерлерге: инженерлер, агроном техниктер, технологдор, ветеринардык врачтар, мастерлер, зоотехниктер ж.б. 3) Медициналык кызматкерлерге: врачтар, фельдшерлер, санитарлар ж.б. 4) Маданий-агартуу кызматкерлерине: журналисттер, пропагандисттер, редакторлор, спорт мектептеринин мугалимдери ж.б. 5) Искусствонун өкүлдөрүнө: актёрлор, режиссёрлор, музыканттар, дирижёрлор, художниктер ж.б. 6) Юридикалык кызматкерлерге: адвокаттар, юридикалык консултанттар ж.б. 7) Көзөмөл коопсуздук кызматкерлерге: пограничниктер ж.б. 8) Байланыш түйүндөрүнүн кызматкерлерине: телеграфисттер, телефонисттер; 9) Соода ишканаларынын жана кампа кызматкерлери: складдардын башчылары, сатуучулар, дүкөндүн башчылары; 10) Пландык-текшерүү кызматкерлери: экономисттер ж.б. 11) Эсеп кызматкерлери: бухгалтерлер, статисттер, кассирлер; 12)Иш кагаз жүргүзгөн кызматкерлер: машинисттер ж.б. Ошол эле

учурда 1939-жылкы эл каттоодо коомдук группаларды кооперативдик эмес деп бөлүп, ал тармакта эмгектенген социалдык топторду төмөнкүдөй катмарларга бөлгөн: 1) Айыл-чарба тармагында эмгектенгендер: колхозчулар, фермалардын башчылары, тракористтер, комбайнерлер, малчылар, чабандар; 2). Тоо жумушчулары: забойщиктер, машинисттер, мастерлер; 3) Металл иштетүүчүлөр: токарлар, фрезеровщиктер, слесарлар, темир усталар ж.б. катталган.

Кыргызстандагы социалдык түзүлүштүн трансформацияланууу процессине анализ берип төмөнкүдөй жыйынтыктарга келүүгө болот:

-30-жылдардын аягында Совет мамлекетинин жүргүзгөн саясатынын натыйжасында, өндүрүштү улутташтыруу, ыкчамдатылган коллективдештирүүнү, индустриялаштырууну, кулактарды тап катары жок кылуу жана эркин экономикалык мамилелерди жоюуга багытталган болчу. Натыйжада, социалисттик уклад совет экономикасында монополистке айланып, мамлекет болсо аны тескөөчү органга айланат

-30-жылдардын аягында Кыргызстандын социалдык түзүлүшүндө стратификациялык процесстердин трансформацияланышы аяктап, анын натыйжасында түпкү элдин салттуу социалдык түзүлүшү жоюлган.

-Салттуу социалдык страталардын жоюлушу менен социалистик коомдо жаңы колхозчу-дыйкан, жумушчу табы жана интеллигенция катмары пайда болгон.

## КОРУТУНДУ

XXк. 20-30-жылдардагы Кыргызстан коомунун социалдык түзүлүшүнүн өзгөрүлүшү процессин стратификациялык метод менен изилдөө, коомдогу социалдык страталардын өз ара байланышын, алардын динамикалуу өзгөрүүсүн каралып жаткан мезгилдеги социалдык-экономикалык жана саясий шарттардын өңүтүндө кароо илимий иштин негизги өзөгүн түздү.

XX кылымдын башынан тарта 30-жылдардын аягына чейинки Кыргызстандагы коомдук социалдык стратификациялык процесстерге анализ берүүнүн жыйынтыктары көрсөткөндөй, аталган кыска мөөнөттүн ичинде стратификациялык түзүлүш эки ирет трансформациялanууга дуушар болгондугун белгилөөгө туура келет. Эки жолку трансформацияланууу процесси коомдун табигый өнүгүүсүнүн натыйжасында эмес, тескерисинче, колониалдык доордогу Россия империясынын Орто Азиядагы жүргүзгөн саясатынын жана Совет мамлекетинин социализмди куруу пландарын ишке ашыруу үчүн жүргүзүлгөн социалдык-экономикалык модернизациялоонун шартына, принциптерине жараша болуп өткөн.

Россия империясы тарабынан киргизилген жаңы административдик башкаруу системасы, тийиштүү «жоболор» (1867, 1871, 1873, 1888) эң оболу экономикалык мамилелерге таасирин тийгизип, жергиликтүү экономиканын өз алдынча трансформацияланышына бөгөт койгон. Империянын көчүрүп келүү саясатынын кесепетинен улам жергиликтүү дыйкандар түшүмдүү, суулу жер тилкелеринен ажырашып, улуттук чөйрөдө социалдык карама-каршылык жарала

баштаган. Кыргызстандын Россияга каратылышы кыргыз коомунун салттуу социалдык стратификациясын трансформациялануусуна алып келген.

XXк башындагы жаңы өнөр-жай тармактарынын жанданышы соода-экономикалык мамилелердин өнүгүшү кыргыз коомуна жаңы кире баштаган социалдык тармактагы жаңылыктар жергиликтүү калктын арасынан жаңы социалдык стратаалардын (жаңы жумушчу табынын, интеллигенция өкүлдөрүнүн, соодагерлердин ж.б.) пайда болушуна өбөлгө түзгөн.

Совет бийлигинин орношу менен большевиктер партиясы түпкү максаттарынын бири болгон тапсыз коомду түзүүгө киришет Аталган максатка жетүү үчүн партиянын саясий жана идеологиялык багытына туура келбеген салттуу традициялык коомдон калган социалдык страталарды жоюу, трансформациялоо процессин баштаган. Кыргызстандын социалдык түзүлүшүндө (жалпы эле советтик коомго тиешелүү көрүнүш болгон) экинчи ирет жергиликтүү элдин коомдун социалдык стратасы, административдик методдорду колдонуу менен үстүртөн өзгөрүүгө учурай баштаган. Социалдык түзүлүштүн экинчи жолу өзгөрүүсү таптык позициялык принциптердин ичинде ишке ашырылган.

Совет бийлигинин орношу менен «тап күрөшү», «буржуазиялык кадрларды нейтрализациялоо», аларды колдонуу, алар менен жаңы мамилелерди түзүү маселеси актуалдуу маселелердин бирине айланган. Өндүрүш каражаттарын улутташтыруу, конфискация, контрибуция жана реквизиция процесстеринин жүрүшү шаар жана айыл жергесинде айрым социалдык страталардын жок болушуна алып келген.  Кыргыз элинин коомдук саясий турмушунда чоң ролду ойношгон бай-манаптар, атка минерлер, соодагерлер ж.б. социалдык топтун өкүлдөрү жоюлган..

1921-1922-жылдары жана 1927-1928-жылдары Кыргызстанда жүргүзүлгөн жер-суу реформаларынын натыйжасында жогорудагы страталардын жоюлушун тездетүүчү негизги факторлордун бири болгон. Бирок, Совет бийлигинин алгачкы жылдарында тез аранын ичинде эле жеке менчик ээлери болгон бай-манаптарды жок кылуу саясаты ишке ашкан эмес. Тескерисинче, алардын көпчүлүгү жаңы түзүлүшкө адаптацияланышып, «Согуштук коммунизм саясатын», жаңы экономикалык саясаттын кыйынчылыктарын башынан кечиришип, тарыхый кырдаалдан чыгуу аракетин көрүшкөн. Тескерисинче, бай-манаптар алгачкы жылдары улуттун өз алдынчалыгын сактап калууну көздөп, саясий күрөшкө аттанышкан.

20-30-жылдары жүргүзүлгөн социалдык-экономикалык, маданий тармактагы модернизациялоо процесстери Кыргызстан коомунун социалдык түзүлүшүнүн негизин түзгөн жумушчу, дыйкан жана интеллигенция катмарларынын арасында ири өзгөрүүгө алып келген. Кыргызстан коомунун социалдык түзүлүшүндөгү көпчүлүк массаны жеке дыйкан чарбалары  жана дыйкандар түзүшкөн эле. Марксисттик теория боюнча дыйкан ири-коллективдүү чарбаларда агрардык жумушчуларды алмаштыруу керек болчу. 20-жылдардын башындагы Совет мамлекетинин финансылык жана өлкөдөгү саясий кырдаалга байланыштуу (граждандык согуш, басмачылык кыймылы) агрардык кайра

курууларды жүргүзө алган эмес. Жер маселеси жана ички социалдык мамилелер өзгөрүүсүз калып, орто дыйкандар өз позициясын сактап, айыл-кыштактарда таптык дифференцация жүргөн эмес. Жеке дыйкан айыл-чарба продукциясын өндүргөн негизги күч, социалдык катмар катары кала берген.

НЭП жана Кыргызстандагы 1921-1922, 1927-1928-жылдары жүргүзүлгөн жер-суу реформалары айыл жергесиндеги социалдык түзүлүштү өзгөртүүгө позитивдүү салым кошкон иш-чаралардын бири болгон. Иш жүзүндө жерсиз чарбалар жоюлуп, кедей дыйкандар тийиштүү жер үлүшүнө ээ болушуп, орто дыйкандардын Совет бийлигине карата болгон мамилеси өзгөрө баштаган.

Бирок, Совет бийлиги агрардык түзүлүштөгү мындай өзгөрүүлөргө канааттанган эмес. Ошондуктан кедей дыйкандар катмары дыйкан массасынын көпчүлүк бөлүгүн түзүшкөн жана жеке чарба жүргүзүү формасы өзүнүн мүмкүнчүлүгүн аткарып бүтүп, анын ордуна коллективдүү чарба уюмун түзүү керек деген тезистин негизинде өлкөдө коллективдештирүү процесси башталган. Коллективдештирүү процесси иш жүзүндө «мажбурлоо», «күч колдонуу» административдик методдор менен жүргүзүлүп, айыл жергесиндеги социалдык түзүлүштүн бузулушуна алып келген. Натыйжада «жаңы колхозчу дыйкан» стратасы пайда болгон.

XXк. 20-30-жылдарында агрардык сектордогу саясий куугунтук улуттук интеллигенциянын жана мусулман духовенствосунун өкүлдөрүнө да карата багытталган. Республиканын алдыңкы өкүлдөрүнүн катмарын түзгөн улуттук интеллигенция – улуттук өз алдынчалык «болуу» идеясын көтөрө баштаган. Эркин ой, сын-пикир айтуу демилгеси партиянын идеясына туура келбеген. «Эл душманы», «улутчул» деген күнөө тагылып, кыргыз интеллигенциясынын алдыңкы өкүлдөрү саясий куугунтукка учуруган. 30-жылдардагы саясий репрессияларга карабастан республиканын билим берүү тармагында кадрларды даярдоо багытында бир катар ийгиликтерге жетишилип, 30-жылдардын аягында республикада орто жана жогорку окуу жайлардын системасы түзүлгөн. Улуттук кадрларды даярдоо маселеси чечиле баштаган.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

XXк. 20-30-жылдарындагы Кыргызстан коомунун социалдык түзүлүшүндөгү өзгөрүүлөргө анализ берүү менен төмөнкүдөй практикалык сунуштарды берүүгө болот:

-Илимий-изилдөө практикасында коомдун социалдык түзүлүшүнө баа берүүдө стратификациялык ыкманы кеңири колдонуу сунушталат;

-Кыргызстандын социалдык саясатын ишке ашырууда ар бир социалдык катмарлардын адаптациялануу мүмкүнчүлүгүн, рынок мамилелеринин шартында алардын каалоосун канааттандыруу жана ага байланыштуу социалдык жардамдын формаларын, багытын ишке ашыруу зарыл;

-Бүгүнкү күндө мамлекттик денгээлде ар бир мамлекеттин өзөгүн түзгөн калктын ортоңку катмарынын калыптануусун пландоо жана аны ишке ашыруу керек. Бул чараларга: кичи жана ортоңку бизнести колдоо, жеке ишкердик жүргүзгөндүргө салык жеңилдиктерин азайтуу ж.б. боюнча этаптуу мамлекеттик программаларды ишке ашыруу зарыл.

**Диссертациянын негизги жоболору төмөнкү басылмаларда чагылган:**

1. **Ыдырысов Р.Ж.** XX кылымдын башындагы Кыргызстандын социалдык структурасындагы өзгөрүүлөр [Текст] / Р.Ж Ыдырысов // -Наука новые технологии и инновации. – Бишкек, 2016. - №12. -177-180-б.

2. **Ыдырысов Р.Ж.** XX кылымдын башындагы Кыргызстандын түндүк аймагындагы социалдык-демографиялык өзгөрүүлөр [Текст] / Р.Ыдырысов // - Наука новые технологии и инновации. Бишкек, 2016. - №9. - 208-211-б.

3. **Ыдырысов Р.Ж.** 20-30-жж. Кыргызстандын социалдык стратификациясынын айрым маселелери [Текст] / Р.Ж.Ыдырысов // - Наука новые технологии и инновации. – Бишкек, 2017.- №2.- 97-99-б.

4. **Ыдырысов Р.Ж.** 20-30-жылдардагы Кыргызстан коомунун социалдык структурасындагы өзгөрүүлөр [Текст] / Р.Ж.Ыдырысов // Известия ВУЗов Кыргызстана. – Бишкек, 2017.- №8. - 112-115-б.

5. **Ыдырысов Р.Ж.** Изменение в структуре рабочего класса Кыргызстана в 20-30годы [Текст] / Р.Ж.Ыдырысов // Международный журнал гуманитарных и естественных наук . – Москва, 2017.- №11. - С.20-14.

6. **Ыдырысов Р.Ж.** Начало формирования интеллигенции Кыргызстана в 20-30 годы [Текст] / Р.Ыдырысов // Международный журнал гуманитарных и естественных наук. – Москва, 2017. №11. - С.25-29.

**Ыдырысов Рамис Жумабековичтин**
**“Кыргызстандын социалдык түзүлүшүнүн өзгөрүшү (ХХк. 20-30-жж.)”**
**деген темадагы 07.00.02 Ата Мекен тарыхы**
боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изилденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишинин

## РЕЗЮМЕСИ.

**Ачкык сөздөр:** дыйкан, жумушушчу, интеллигенция, страта, стратификация, өзгөрүү, катмар, социалдык түзүлүш
**Изилдөөнүн объектиси**. Кыргызстандын социалдык түзүлүшү
**Изилдөөнүн предмети.** Жумушчу,дыйкан, интеллигенция катмарларынын социалдык өзгөрүүсү
**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** XX кылымдын 20-30-жылдар аралыгындагы Кыргызстандын социалдык түзүлүшүнүн өзгөрүшүнө анализ жасоо.

**Изилдөөнүн методологиялык негизин** илимий объективдүүлүк, тарыхый, социалдык принциптер түздү. Өзгөчө-орус саякатчыларынын, чыгыш таануучулардын эмгектерине талдоо жүргүзүүдө социалдык маселелерге көңүл бурулду. Илимий изилдөөнүн объектисине жараша тарыхый-салыштырмалуулук, тарыхый-генетикалык, хронологиялык, проблемалык-хронологиялык методдор колдонулду.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы** .
- илимий эмгектин жаңылыгы катары постсоветтик доордогу Кыргызстандын тарыхнаамасында изилдене элек диссертациялык иштин алдына коюлган маселе менен шартталат;
- диссертанттын алгачкы ирет Кыргызстандын коомдук-социалдык түзүлүшүн жаңы социалдык-теориялык нукта кароого аракет жасашы;
- коомдун социалдык стратификациялык түзүлүшүнүн өзгөрүшү өз ара бири-бирине таасир берүүчү, өз ара тыгыз байланыштагы процесс катары кароо менен ага системалуу нукта баа берүүгө аракет жасалышы илимий иштин жаңылыгы болуп саналат;

**Диссертациялык изилдөөнүн илимий-теориялык жана практикалык мааниси.** Диссертациянын материалдарында камтылган илимий жоболор, көз караштар жана илимий изилдөөнүн жыйынтыктары Кыргызстандын жана коңшулаш элдердин тарыхын окутууда колдонулушу мүмкүн.

# РЕЗЮМЕ


**диссертации Ыдырысова Рамиса Жумабековича**
**“Изменения социальной структуры Кыргызстана ( 20-30-гг. ХХв.)”**
на соискание ученой степени кандидата исторических наук по специальности 07.00.02 – **Отечественная история**

**Ключевые слова**: крестьянин, рабочий, интеллигенция, страта, стратификация, изменение, слой, социальная структура

**Обьект исследования –** социальная структура Кыргызстана.

**Предмет исследования** – социальные изменения слоев рабочих, крестьян, интеллигенции.

**Цель диссертационной работы – комплексный** анализ изменение социальной стратификации общества Кыргызстана в период 20-30-х годов ХХ века.

**Методологическую основу исследования** составили принципы исторической объективности, историзма, научности, развития**.** При анализе трудов российских путешественников, востоковедов были использованы принципы социального подхода в изучении исторических событий. В соответствии с объектом данной диссертационной работы были использованы такие методы, как сравнительно-исторический, историко-генетический, хронологический, проблемно-хронологический.

**Научная новизна исследования** .

- Новизна данного исследования обуславливается тем, что его тема расматривается впервые в постсоветской историографии Кыргызстана;
- В диссертации предпринята попытка рассмотрения социальной структуры Кыргызстана исследуемого времени с новых теоретических и методологических позиций;
- Новизна данной работы заключается также и в том, что изменения в социальной стратификации общества рассматриваются во взаимной взаимосвязи, взаимовлиянии, в системном русле.

**Научно-теоретическое и практическое значение исследования.** Научные положения, материал, выводы диссертации могут быть использованы в преподавании истории Кыргызстана и сопредельных народов, а также в последующих научных исследованиях, посвященных истории исследуемого в данной работе периода.

# RESUME

**Ydyrysov Ramis Jumabekovich**
**Social Structure Changes in Kyrgyzstan**
**(20th century, within 20-30's)**

The dissertation is submitted to confer the scholarly degree of Candidate of Historical Sciences **07.00.02 – Domestic History** (History of Kyrgyz Republic)

**Key words:** peasant, worker, intelligentsia, stratum, stratification, changes, layer, social structure

**The object of research:** Social structure of Kyrgyzstan**.**

**The subject of research:** Changes in social stratification of Kyrgyzstan**.**

**The aim of research:** Analysis on changes in social stratification of Kyrgyzstan from early 20th century till 30's.

**The methods of research:** scientific objectivity, historical and social principles. In the process of analyzing the Russian travellers and orientalists' works the social principles have been used. Historical and contrastive, historical and genetic, chronological, problems in chronology methods have been used according to the object of research.

**The scientific novelty of research:**

- the research of unexplored historical issues related to the post-soviet Kyrgyzstan;
- the effort to consider the public and social structure of Kyrgyzstan from new social theoretical angle for the first time;
- changes in social stratification structure of the society have been considered as a relative and interconnected process with its systemic evaluation.

**The scientific-theoretical and practical value of research:**

The scientific materials, views and results of the research may be useful in teaching history of Kyrgyzstan and neighboring countries.

Формат 60х84/16. Печать офсетная. Усл. печ 1,25. Тираж 50 экз.
Отпечатано: ИП. Студия "Ажайып", Кыргызская Республика, г. Бишкек, ул. Раззакова/Киевская.
996 709 07 30 09. 996 771 99 83 78, Kyzyldang@mail.ru